DOI:10.26104/IVK.2019.45

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 11, 2019

*Таиров К.А.*

# СҮЛҮКТҮ ШААРЫНДАГЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ТУТУМУНУН ТАРЫХЫНАН

*Таиров К.А.*

# ИЗ ИСТОРИИ СИСТЕМЫ ОБРАЗОВАНИЯ ГОРОДА СУЛЮКТА

*K.A. Tairov*

# FROM THE HISTORY OF THE EDUCATION SYSTEM OF THE CITY OF SULYUKTA

*УДК: 359/336.59*

*Кеңеш бийлигинин орношу Орто Азия элдерине, анын ичинде кыргыздардын материалдык жана рухий жактан ар тараптуу өсүүсүндө негизги түрткүч болду. Өсүп өнүгүү билим берүү тармагында да олуттуу өзгөрүүлөргө алып келди. Биздин макалада кеңеш бийлигинин баштапкы мезгилиндеги билим берүү системасынын калыптануусунун алгачкы кадамдары Сүлүктү шаарынын мисалында иликтенди. Макалада кеңеш бийлигинин баштапкы мезгилиндеги Сүлүктү шаарындагы билим берүү мекемелеринин калыптануусу, кеңеш өкмөтүнүн ага карата иш чараларынын алгачкы этаптары иликтенип талданды. Сүлүктү шаарындагы билим берүү системасы шаардын өнүгүүсүндөгү орду архивдик жана тарыхый материалдардын негизинде талдоого алынды. Кеңеш бийлигинин иш каракети менен Сүлүктүдөгү азыркы билим берүү мекемелеринин пайдубалы түптөлдү. Кеңеш бийлигинин алгачкы жылдарынан тартып эле Сүлүктү шаары интеллигенциянын жана маданияттуу калктуу шаар катары таанылды. Сүлүктүдө инженердик-техникалык кадрларды даярдалып, өндүрүштө ошол адистердин практикасын пайдаланууга мүмкүнчүлүк болду, алардын мыкты билими тажрыйбасы шаардын өсүүсүн шарттады жана өнүгүүнүн көрсөткүчү болуп кала берет.*

***Негизги сөздөр:** билим берүү, мектеп, окуучу, Сүлүктү, Ходжент, мугалим, окутуу.*

*Установление советской власти дало основной толчок материальному и духовному росту народов Центральной Азии, в том числе и кыргызов. Рост также привел к значительным изменениям в системе образовании. В нашей статье исследованы первые шаги в формировании системы образования при советской власти на примере города Сулюкта. В статье рассматривается появление и формирование учебных заведений в городе Сулюкта в начале Советской власти, первые шаги советского правительства в формировании системы образования. Место системы образования города Сулюкта в развитии города и была проанализирована на основе архивных и исторических материалов. Основы нынешних учебных заведений в Сулюкте были заложены советскими властями. При советской власти Сулюкта был признан городом интеллигенции и культуры. В Сулукте были подготовлены инженерно-технические кадры опыт этих специалистов по производству, и лучшие показатели в проессе производства способствовали росту города и будут оставаться показателем развития.*

***Ключевые слова:** образование, школа, ученик, Сулюкта, Ходжент, учитель, обучение.*

*The establishment of Soviet power gave the main impetus to the material and spiritual growth of the peoples of Central Asia, including the Kyrgyz. Growth has also brought significant changes to the education system. Our article discusses the first steps in the formation of the education system during the Soviet era on the example of the city of Sulukta. The article discusses the emergence and formation of educational institutions in the city of Sulukta at the beginning of Soviet power, the first steps of the Soviet government in the formation of the education system. The place of the education system of the city of Sulukta in the development of the city was analyzed on the basis of archival and historical materials. The foundations of the current educational institutions in Sulukta were laid by the Soviet authorities. Under Soviet rule, Sulukta was recognized as a city of intelligentsia and culture. In Sulukta, engineering and technical personnel were trained, the experience of these production specialists, and the best indicators in the production process contributed to the growth of the city and will remain an indicator of development.*

***Key words:** education, school, student, Sulyukta, Khujand, teacher, training.*

Белгилүү болгондой Кыргызстандын аймагында алгачкылардан болуп кеңеш бийлиги Сүлүктүдө орногон. Кеңеш бийлиги орношу менен аймактын социалдык-экономикалык багытында бир топ жаңы горизонттор ачылды. Айтсак элдин укуктук, социалдык,

DOI:10.26104/IVK.2019.45



маданий ж.б., абалы жакшырды. Кеңеш бийлигинин орношу Орто Азия элдерине анын ичинде кыргыздардын материалдык жана рухий жактан ар тараптуу өсүүсүнө түрткү болду. Өсүп өнүгүү билим берүү тармагында да олуттуу өзгөрүүлөргө алып келди. Биздин макалада кеңеш бийлигинин баштапкы жылдарындагы билим берүү системасынын калыптануусунун алгачкы кадамдары Сүлүктү шаарынын мисалында иликтенди.

Билим берүү системасын калыптандырууда алгач кабыл алынган «Россия элдеринин улуттарынын Декларациясы» жана 1917-жылдын 22-ноябрындагы «Россиянын жана Чыгыштын бардык мусулман элдерине» деген кайрылуу жарыяланып, анда Россиянын мусулман калкынын негизги эркиндиги жана ар тараптан тең укуктуулугу жарыяланган. Курамындагы улуттарга өз тагдырын өзү чечүү укугун берип, улуттук бардык артыкчылыктарды жана чектөөлөрдү жойду, өлкөнүн бардык элдерине улуттук экономикасын жана маданиятын эркин түзүүгө жана өнүктүрүүгө, улуттук мамлекеттүүлүгүн бекемдөөгө кеңири мүмкүнчүлүк берилди. Ошолор менен катар билим берүү тармагында бир нече мамлекеттик документтер кабыл алынды. Атап айтканда: “РСФСРда бирдиктүү эмгек мектеби жөнүндө жобо”. 1918-жылдын 16-октябрын өкмөттүн бир нече декреттери бирдиктүү мектептин принциптерин аныктап аларда жалпы жаштарга тегине социалдык абалына, улутуна карабастан билим алуу акысыз жана жалпыга бирдей болгон. Мындай багыт жалпы өлкөдө билимдүүлөрдүн санынын жана сапатынын жогорулашына негиз болуп берди. Жогоруда аталган документтер тарыхта саясый гана жагынан маанилүү болбостон социалдык-маданий багытта да мааниси чоң.

1917-жылдагы революцияга чейин кыргыздар арасында сабаттуулук 2%га жетпеген [1]. Билим алууга байлардын, административдик, дин кызматкерлеринин үй бүлөө мүчөлөрү гана мүмкүндүгү болгон. Кеңеш өкмөтү Туркстан аймагында орногондон тартып жалпы билим берүүдө олуттуу реформаларды турмушка ашырганга жетишти.

Сүлүктү Кыргызстандын курамына 1928-жылы кошулган ага чейин Өзбекстандын Самаркант облусунун Ходжент уездине карагандыктан Сүлүктүдөгү кеңеш өкмөтүнүн алгачкы иш-чаралары Хонджент менен түздөн-түз байланышта болгон. Сүлүктүнү Кыргызстанга өткөрүп берүү боюнча акты 1928-жылы 30-мартта түзүлгөн [2]. Бул актыда кен ж.б. мекемелерден сырткары билим берүү мекемелердин саны жана сапаты тууралуу маселелер бар.

Ошондуктан, Сүлүктүнү 1928-жылга чейинки тарыхын кароодо аны Ходженттен биротоло ажыратып кароо туура эмес болуп калат [3]. Жаңы системанын орноосу Кыргызстандын башка аймактарындагыдай эле карама-каршылыктар менен коштолуп олтурду. Тап күрөшү шартында экономикалык жана чарбалык кыйроо, ошондой эле саясий тирешүүлөр учурунда жаңыдан системаны орнотуу, жаңыча мектеп тутумун калыптандыруу өтө катаал шартта жүрдү.

Кеңеш бийлиги V Түркстан крайынын съездинен кийин чечкиндүү билим берүү тутумун жаңылай баштады. Бардык экзамендер алынып салынып жашына, диний ишенимине, улутуна карабай мектептер каалгасын ачышты. “Окуу үчүн бир гана каалоо керек” деген девиз астында иш жүрдү.

1918-жылдын 14-апрелинде Самаркант (ЭАК) эл агартуу комиссариаты түзүлгөн. Ошол эле жылы Ходжент уезддик эл агартуу комиссариаты түзүлгөн. Ал эми Сүлүктү болсо Ходжент ЭАК бир бутагы катары саналган.

Бул жылдардан баштап каржылоо маселеси да чечиле баштаган. Түркстан Республикасынын өкмөтү 1918-жылы кат-сабатсыздыкты жоюу үчүн 2 млн. рубль бөлгөн. Түркстан Республикасынын эл агартуу комиссариатынын чечими боюнча жер-жерлерде жаңы мектептер ачыла баштаган. 1918-жылы күздө Сүлүктүдө алгачкы советтик мектеп ачылган [4].

Сүлүктүдө билим берүү тутуму кеңеш бийлиги орногонго чейин мусулмандыктагы шариатты үйрөткөн мектептер менен гана чектелген. Окутуу жеке үйлөрдө жүргүзүлгөн. Сүлүктүдө Молдо Али Матмураттын мектеби, Ходженттен келген тажик молдо Афандинин мектеби болгон. Молдолор бул мезгилде шарыяттын жана мусулманчылыктын жол жоболорун гана үйрөтүү менен чектелген. Аталган мектептерге жакын турган (Таңги-Башы, Акжар, Каттакыштоо) айылдарынан балдар келип окушкан.

Ходжент уездинде 32 башталгыч мектептер ачылган. Алардын бирөө жүвүт /еврей/, экөө орус жана 29у жергиликтүү элдин балдары үчүн ачылып алардын катарында Сүлүктүнүн биринчи ачылган мектеби болгон.

Окутуучу кадрлардын аздыгына жана мектеп жашындагы балдардын окууга аз тартылгандыгына байланыштуу элге билим берүүнүн өсүү темпи төмөн

DOI:10.26104/IVK.2019.45



болгон. Кенчилердин мектеп жашындагы балдарынын көпчүлүгү дагы эле мектепке тартылган эмес. Окуучуларга билим берүүнүн өнүгүшү көптөгөн кыйынчылыктарына дуушар болгон. Себеби, биринчиден жергиликтүү эмес окутуучулардын ишмердүүлүгү эл арасында түшүнбөстүктү жараткан, Сүлүктүлүктөр сырттан келген мугалимдерге толук ишене алышпаган. Экинчиден аймактын экономикалык жана маданий жактан артта калуусу жана ачарчылыктын өкүм сүрүшү да элдин кат сабатын жоюуну колго алууга тоскоолдук жараткан.

1919-жылы Драгомирова станциясында (Азыркы Тажикистандагы Пролетарск станциясы) 40 орундуу мектеп интернаты ачылган. Мектеп-интерантка көп бүлөлүү кенчилердин балдарын жана жетим балдарды кабыл кылган. Жыл өткөн сайын акырындык менен окуучулардын жана мугалимдердин саны өскөн.

“Красная Фергана” газетасынын билдирүүсү боюнча 1920-1921- окуу жылында Самарканд областынын Хожент уездинде 4 кыргыз мектеби болуп, анда 140 окуучулар окуган. Жергиликтүү элдин жетим балдары үчүн бир мектеп интернат ачылып, 200 жетим балдар тарбияланып окуган. Мектеп-интернат Сүлүктүнүн Тангибашы айылында болгон. Мектепте жатып окуган жетим балдарга тамак жана кийим бекер берилген. Мектепте жалаң жергиликтүү жетим кыргыз балдары окуган. Мектеп-интернатта А.Рахимов, Л.Сараева, Г.Агишовалар мугалим болуп, Харис Фаткулин башчы болуп иштеген [5].

1939-1940-окуу жылдарына чейин Сүлүктүдөгү биринчи баскычтагы мектептерди бүтүргөн окуучулардын билимин андан ары улантуу үчүн Хожент шаарындагы жана Драгомирово станциясындагы мектеп-интернатына окууга жиберип турушкан.

Сүлүктү кенинин айланасында билим берүүнүн өнүгүүсүндө, жергиликтүү кыргыз мугалимдеринин жоктугу кыргыздардын татар жана өзбек тилдеринде араб тамгасы менен окууга аргасыз болушкан. Бул маселени чечүү үчүн Сүлүктүдөн жергиликтүү 12 кыргыз жигиттерин мугалимдик курска окутуу жөнүндө чечим кабыл алынган. 12 кыргыз жигиттери Казакстандын Чимкент шаарында казак жана кыргыз балдары үчүн 360 орундуу кыска мөөнөттөгү мугалимдик курстан өтүшкөн. Кийинчерээк алар Сүлүктүгө, Кольцого, Исфанага, Чалдыбалдыга, Кызылаякка барышып мугалим болуп иштешип жана мектептерди ачышкан.

Көптөгөн кыйынчылыктарга карабастан жаш муундарга билим берүү багытында алгачкы чыйырды салышкан. 1920-жылы “Түркстан Республикасында жашаган элдердин арасында сабатсыздыкты жоюу жөнүндө” декрет кабыл алынган. Декрет боюнча Түркстандын 8 жаштан 40 жашка чейинки окуй да, жаза да албаган бардык эмгекчилердин өз эне тилинде окууга милдеттүү болгон. Декретке байланыштуу Сүлүктүнүн жетекчилери эмгекчилердин сабатсыздыгын жоюу боюнча бир топ иш чараларды белгилешкен. Жаштарды окутуу, жашы өткөн адамдардын сабатсыздыгын жоюу жана маданий деңгээлин жогорулатуу максатында Сүлүктүдө мектептер, ийримдер, клубдар, кызыл чайханалар жана кызыл бурчтар уюштурулган [6].

1926-жылы Кыргызстандагы эл каттоо боюнча Кыргызстанда жашаган аялдардын 7,4%ы гана сабаттуу болгон. Сүлүктүдө жашаган аялдар жана эркектер да ушундай эле абалда болчу. Эркектер менен бирге жергиликтүү кыргыз аялдар да сабатсыздыгын жоюу мектептеринде окуй баштады. Биздин информатор КРнын эмгек сиңирген мугалими А.Жаныбековдун маалыматы боюнча 1930-жылы Сүлүктүдө аялдардын сабатсыздыгын жоюу мектептерине бар болгону 10%га жетпеген гана тартылган. Айрыкча жергиликтүү кыргыз кыз-келиндери мектепке тарта баштаган. Себеби, аялдардын арасынан кат-сабат тааныгандар дээрлик жок болгон. Бирок жергиликтүү кыз-келиндер мектепке барып окууну каалашкан эмес. Анткени, жергиликтүү каада салт, диний көз караш боюнча аялдардын кат сабат таануусуна жол берилген эмес.

Сүлүктүдөгү сабатсыздыкты жоюу мектептеринде 887 адам окуган. Булардын 701и эркектер, 186сы аялдар болгон. Ал эми улуту боюнча 634 кыргыз, 168 европалык, 48 казак, 32 өзбек, 5 тажик улутундагылар болгон [7].

1924-жылы Сүлүктүдө 3 мектеп иштеп анда 205 окуучу 9 мугалим болгон. Кыргыз Мамлекттик улуттук университетинин профессору Зияш Бектенов 1930-жылы Сүлүктү районунда билим берүү бөлүмүндө эмгектенген. (1934-жылга чейин *Лейлек, Баткен району экөө биригип, Сүлүктү району деп аталган.)* З. Бектенов иштеген мезгилинде мектептердин саны өскөн б.а., 1930-жылга чейин район аймагында болгону 14 мектеп болгон болсо 1930-жылдан кийин алардын саны 64кө жеткен. Кеңеш бийлигине каршылыктар дагы деле тыйыла элек мезгилде мектептерди ачуу бир жагынан оор

DOI:10.26104/IVK.2019.45



жумуш болсо экинчиден коркунучтуу да болгон. Бул жаатта алган З. Бектеновдун азыркы Баткен, Лейлек райондорундагы билим берүүнүн өнүгүүсүнө жасаган ишинин тарыхый мааниси зор [8].

Кат сабаттуулукка үйрөтүүдөн сырткары өндүрүшкө керектүү жумушчуларды даярдоо максатында алгач кесиптик курстар кийинчерээк фабрика заводдук окуулар уюштурулган. 1920-жылы ЭКС Түркстанда Кесиптик билим берүү комитетин ачууну боюнча чечим кабыл алган. Алгачкылардын болуп бул окуу жайлар Кызыл-Кыя жана Сүлүктүнүн көмүр кендеринде уюштурулган. 1923-жылы Сүлүктүдө 15 окуучуга эсептелген (ФЗО) окуу жайы ачылган. Ушул окуу жайында жаштарды ар түрдүү кесипке үйрөткөн. Аталган кесиптик окуу жайларда 18 жаштан 40 жашка чейинкилер окууга кабыл алынган. Окуу курсу 4 жумадан 8 айга чейин болгон. Кеңеш бийлигинин алгачкы жылдарында уюштурулган кесипке үйрөтүүчү окуу жайлар жаштарга багытталып алар кат-сабаттулугун жойгондон баштап кабыл алынып кесиптерге үйрөтүү, окутуу башталган.

Согуштун алдындагы элдин турмушунун начардыгы, согуш жылдарындагы катаал жылдар жана согуштан кийинки бузулган чарбаны калыбына келтирүү менен катар билим берүү тармагынын өнүгүүсү да кыйынчылыктар менен коштолгон. Билим берүү тармагында жогорку билимдүү мугалимдердин жетишсиздиги даана байкалып турган. Алсак 1944-1945-окуу жылдары шаардагы мектептерде 62 мугалим билим беришкен алардын ичинен 4 мугалим жогорку билимдүүлөр, 11 мугалим бүтпөгөн жогорку билимдүүлөр, 34 мугалим орто билимдүүлөр, 13 мугалим бүтпөгөн орто билимдүүлөр болушкан. Сүлүктүдө жалпысынан 5 мектеп болуп анын ичинен 1 мектеп орус тилинде, 4 мектеп кыргыз тилинде окутулган. Булардын ичинен 2 орто мектеп, 3 башталгыч мектеп болгон. Шаар боюнча мектептерде 57 класс болуп анда 1852 окуучу билим алышкан. Алардын ичинен 1303 окуучу орус, 323 окуучу кыргыз, 219 окуучу өзбек, 7 окуучу тажик улутундагылар болушкан [9].

Сүлүктүдөгү билим берүү тутумунун алгачкы кадамдары оор болгону менен ал өз жемишин берди. Сүлүктүдөгү азыркы билим берүү мекемелеринин пайдубалы түптөлдү. Кеңеш бийлигинин алгачкы жылдарынан тартып эле Сүлүктү шаары интелегенциянын жана маданияттуу калктуу шаар катары таанылды. Сүлүктүдө инженердик-техникалык кадрларды даярдалып, өндүрүштө ошол адистердин практикасын пайдаланууга мүмкүнчүлүк болду, алардын мыкты билими тажрыйбасы шаардын өсүүсүн шарттады жана жалпы өлкөнүн өнүгүүсүнүн көрсөткүчү болуп кала берет. Бул да болсо Сүлүктү шаарындагы билим берүү тутумунун калыптануусунун алгачкы кадамдарынын жыйынтыгы катары карасак болот.

**Адабияттар:**


1. Каниметов А. Развитие народного образования советской Киргизии в условиях совершенствования социализма. [Автореферат]. - Москва, 1987.
2. БМА фонд №23 Оп 1. Ед.хр №301. 3-бет.
3. 1924-жылдагы жиктештирүү жараянына чейин Самаркант ЭБКнын курамына Уратөбө, Ходжент анын уездери жана Сүлүктү да болгон.
4. Жаныбеков А., Жаныбеков К..Сүлүктүнүн тарых барактарынан. - Б., 2006. - 15-бет.
5. Эралиев Ы.С., Абдиева А.М. Сүлүктү шаарында элге билим берүүнүн өнүгүшү. / Известия вузов Кыргызстана №5, 2018.
6. Личность Кыргызстана: Один из основоположников кыргызского языка Зияш Бектенов. Интернет сайт: https://limon.kg/news:65807
7. Ош СМДА ф.23, оп.1, №2241